| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br>АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВ<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br>АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВ<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ №1-3-29

«07» 02 2025 жылы Виноградное а.

**«Абдыкерим Сыдыков айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетти жана 2025-2026-жылдарга бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолун бекитүү».**

Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 13-январындагы № 3 “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө”, 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө”, 2021-жылдын 20-октябры № 123 «Жергилитүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамдарына, башка ченемдик укуктук актыларга жана Абдыкерим Сыдыков айылдык кеңешинин 29- чакырылыштагы депутаттардын 2025 жылдын 7- февралынын №3 сессиясынын чечимине ылайык.

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.2025-жылга Кыргыз Республикасынын Каржы Министирлиги тарабынан келген контролдук бюджетти Абдыкерим Сыдыков айылдык Кенеши тарабынан бекитилсин.

2. 2025-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн бюджети 17865,2 миң сом суммасында (атайын каражатты кошкондо) бекитилсин:

- бюджет 15065,2 миң сом;
- атайын каражаттар 2800,0 миң сом

3. 2025-жылга атайын каражаттарды эсепке алуу менен 17865,2 миң сом суммасында киреше № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. 2026-2027-жылдарга бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолу бекитилсин. № 2 тиркемеге ылайык.

5. Бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды эске алуу менен 17865,2 миң сом суммасында № 3 тиркемеге ылайык бекитилсин

6. Айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджетинин аткарылышы боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча отчет кабыл алынсын.

7. 2025-жылга бюджеттин жүгүртүүдөгү кассалык калдыктары 10,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

8. Айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгүн каржылоо корголгон беренелер боюнча (эмгек акы, соцфондго чегерүү, тамак-аш, коммуналдык кызматтар) көрсөтүлгөн тартипте, ал эми иш жүзүндө алынган кирешелердин чегинде жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин.

9.Өндүрүштүк зарылчылыкка байланыштуу айыл өкмөтүнүн башчысына ассигнованиелерди чыгаша статьяларынын ортосунда, ошондой эле чыгашалардын негизги топтору, чакан топтору боюнча жалпы чыгымдардын чегинде кыскартпастан кайра бөлүштүрүү укугу берилсин.

10. 2025-жылга Абдыкерим Сыдыков айыл өкмөтүнүн аппаратынын, айылдык Кеңешинин, турак жай-коммуналдык чарбанын, китепкананын штаттык саны № 4, 5, 6, тиркемеге ылайык бекитилсин.

11. Бала бакчанын тарбиялануучуларынын тамак-ашынын өлчөмү ар бир балага барган күнү 18 сомдон айыл өкмөтүнүн бюджетинен бекитилсин.

12. 01/01/2025 эркин балансты бекитүү негизги эсеп боюнча 4273,7 миң сом, атайын эсеп боюнча 1003,6 миң сом № 7 тиркемеге ылайык бөлүштүрүлсүн.

13. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Мыйзамынын негизинде, муниципалдык кызматчылардын кызматтык маяналарына Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралган 30% өлчөмдөгү үстөк бекитилсин.

14. Абдыкерим Сыдыков айыл өкмөтүнүн башчысынын резервдик фондуна 150.5миң сом бекитилсин.

15. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Мусакожаевге жүктөлсүн.

**Абдыкерим Сыдыков айылдык Кеңештин төрагасы** **А. Дж. Киямидинов.**